**Үстүбүздөгү жылдын күз айында Кыргызстандын коомчулугу көрүнүктүү инсан, мамлекеттик жана коомдук ишмер Ибраимов Султан Ибраимовичтин 80 жылдык юбилейин белгилейт. Ошого байланыштуу бул инсан жөнүндөгү бир катар эскерүүлөрдү жарыялап жатабыз.**

**Бул жолу Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Түштүк бөлүмүнүн төрагасы, академик Жапар ТЕКЕНОВдун эскерүүсүн жарыялайбыз.**

# Кыргыздын айкөл Султаны эле...



Султан Ибраимовичти мен биринчи жолу Ташкенттен, өткөн жүз жылдыктын орто чениндe, алтымышынчы жылдары көргөнмүн. Ал убакта мен Өзбек ССРнин ИАсындагы Ядердик физика институтунун аспирантурасында, досум Шамыков Абдыкайым менен бирге окучумун. Абдыкайым болсо Ибраимов менен буга чейин эле Кыргыз ССРнин ИАсындагы Суу чарба жана энергетика институтунда бирге иштешкенден бери тааныш экен.

Экинчи жолу Султан Ибраимовичти мен 1964 - жылы Ош областынын Сузак районунда өткөн КПСС БКнын март айындагы пленумунун чечимдерин талкулоо үчүн чогулган партактивден жолуктурдум. Бул активге мен республикабыздын ИАсынан келген лектор катары катышып жаткам. С. Ибраимов болсо активде БКнын жана Суу чарба министри жана Борбордук комитеттин мүчөсү катары президиумда отурду. Түшкү танапис учурунда ал

Мага түрдүү маселелер менен ал кишинин кабыл алуусуна тез-тез барып турууга туура келчү, мындан сырткары партиянын Ош шаардык комитетинин мүчөсү жана шаардык Кеңештин депутаты болуп шайлангандыгыма байланыштуу, экөөбүз партиялык жыйналыштар менен областтык комитеттин бюросунун отурумдарында дагы көп кезикчүбүз. Мен декан болуп иштеп жүргөндөгү анын айткан: "Жапар, Журавлевду мажбурла! Бир гана институттун (ОГПИ) болушу биздин аймак үчүн аздык кылат! Биз техникалык институт дагы ачы

дагы филиалы болгондугуна жана түзүлгөндүгүнө 10 жылдан ашуун убакыттын өткөндүгүнө карабай, өзүнүн менчик базасынын жоктугунан улам, Ош пединститутунун материалдык базасынын кызматынан пайдаланчу. Эң башкысы Оштогу жалпы техникалык иштин ийгиликке жетиши үчүн, областтын биринчи катчысы Султан Ибраимовичтен өзгөчө жардам жана колдоо талап кылынды.

тана алгыс факты болуп эсептелет. Ош областынын Республикабыздын экономикасынын өнүгүшүнө кошкон өзгөчө салымы, бир гана өнөр жайындагы жана айыл чарбасындагы эле эмес, ошол эле учурда маданиятындагы жетишилген ийгиликтерге да өбөлгө болгон.

СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1966-жылдын 28-октябрындагы Указы менен "Областагы эмгекчил элдин айыл чарбасындагы жана курулуш ишиндеги жетишкен ийгиликтери үчүн" Ош областы Ленин ордени менен сыйланды.

Эл чарбасына коюлган пландарды мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы үчүн жана өндүрүш ишиндеги сапат менен эффективдүүлүктү жогорулаткандыгы үчүн, 1973-1977-жылдары Ош областы КПСС БКнын, СССР Министирлер Кеңешинин, БДЛКЖСнун Борбордук комитетинин жана Бүткүл союздук профсоюз уюмунун

ге эле эмес, өзүнө да катуу талаптарды кое билчү. Анын адамдарга өтө этият мамиле жасап, башкалардын тагдыры үчүн да жан күйдүрөрү ачык эле көрүнүп турчу. Областтык комитеттин бөлүм башчыларынын сөзүнө караганда, эгер ошол бюродо коммунисттердин жеке иштери каралып кала турган болсо, бөлүм башчылар белгилүү бир убакка чейин Султан Ибраимовичтин кабинетине башбага албай калышчу экен. Себеби аны жазаланып калган адамдардын тагдыры катуу ойлондургандыктан, убагында аларга жол көрсөтүп койбогондугу жана адамдарды ушундай жаман абалга калтырганы үчүн биринчи кезекте дал ошол бөлүм башчыларын күнөөлөрүн алар билишчү тура. Мына ушундан эле бул кишинин кандай адам экендигин билсек болот: чынчыл, адилет, таза, өтө маданияттуу, адептүү, сезимтал, ар кандай кырдаалда өзүн жоготпогон токтоо, көңүлү назик, ошол эле учурда курч жана адамдар менен тил табыша алган тилбилги адам.

Анын дагы бир артыкчылыгы болуп керектүү кадрларды жергиликтүү калктын ичинен даярдоого өзгөчө көңүл бургандыгы эсептелет. Султан Ибраимович кадр тандоо маселесине келгенде эң биринчи ошол адамдын ишкердүүлүгү менен жөндөмүнө карап, андай адамдарды областтын бардык райондорунан

урматтоом өзүнөн-өзү арта түшчү.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан коомчулугу мамлекеттик жана коомдук ишмер Раззаков Исхак Раззакович жөнүндө көп жазып, көп эскерди. Чындыгында бул кишинин өлкө үчүн кылган эмгеги өтө чоң болуп, убагында ушул инсандын аркасы менен Кыргызстан Советтер союзундагы алдыңкы республикалардын катарына чыккан. Биз азыр иштөө жөндөмдүүлүгү, өзүнүн элин, жерин, мекенин сүйүүшү жана моралдык тазалыгы жагынан С.И. Ибраимовду мына ошол И.Р. Раззаковдон кийинки эле экинчи адам деп ишенимдүү түрдө айтсак болот. С.И. Ибраимов өмүр бою И.Р. Раззаковдун: "Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом таза болот," - деген урааны менен жашады. Ал канча жыл өмүр сүрсө ошончо жыл "таза болушту" туу тутуп өттү. Ошон үчүн дагы анын иши качан болбосун жана каерде болбосун шыр жүрүп, жолу ар дайым ачык болду.

Ал өз элинин чыныгы уулу, айкөл Султаны эле... Айтайын дегеним, ишмердүүлүгү гүлдөп турган учурда, 54 жаш курагында, акыл-эс өз салтанатын куруп, төгөрөгү төп келишип турганда ырайымсыз колдор анын өмүрүн кыйып кетишти.

Бул кишинин биздин арабыздан мынтип күтүлбөгөн жерден эрте кетиши бүгүндөй кыргыз элинин трагедиясына айланып, бул окуя менен азыр-

